*К.Маликов атындагы орто мектеби*

"Бекитемин"
21.10.2022

*Байтик баатырдын 200 жылдыгына карата*

# *ТЕГЕРЕК СТОЛ*

*Класс: 9-10-11.*

## *Тема: Байтик баатыр 19-кылымдын дипломаты жана кол башчы*

*Мугалим: Тентимишева Гульмира Абасовна*

*2022-жыл.*

## ТЕГЕРЕК СТОЛ

**Өтүлүүчү жер:** тарых кабинети

**Моонөтү:** 21-октябрь 2022-жыл.

**Катышуучулар:** 9-10-11-класстын окуучулары

**Жабдылышы:** Сүрөттөр, проектор, макалдар, кроссворд.

**Даярдаган мугалим:** Тентимишева Гульмира Абасовна

**Мугалим:** Саламатсыздарбы бүгүнкү тегерек столдун катышуучулары, тегерек стол Байтик баатырдын 200 жылдыгына арналат.

(КРнын Гимни ырдалат)

**Мугалим:**

Бийик нарктуу улуу кыргыз элим бар
Береке мол ажайып кооз жерим бар
Бабалардан кылым кезген мурасы
Ата Мекен сенин ыйык демиң бар дегендей бүгүнкү биздин тема

**Тема: Байтик баатыр 19-кылымдын дипломаты жана кол башчы**

**Максаты:** а) Окуучулар Байтик баатырдын өмүрү, кыргыз эли үчүн кылган иш аракети, элине кошкон салымы жөнүндө кеңири маалымат алышат.

б) Сөз байлыктары өсөт, ой жүгүртүүсү өнүктүрүлөт, суроого туура, так жооп берүүгө үйрөнүшөт.

в) Байтик баатырдын ишмердиги жөнүндө маалыматтарды алуу менен Ата Мекенди коргоо сезимдерин ойготушат, чечкиндүүлүккө, патриоттуулукка тарбияланышат.

**Алып баруучу:**

Байтик кыргыз элинин эркиндиги үчүн кыйла эмгек жасаган улуу инсандардын бири. Кыргыздын көрүнүктүү тарыхый инсаны Байтик баатыр Канай уулунун 200 жылдык мааракеси республикалык деңгээлде өткөрүлүп жатат. Мындай салтанаттын бири Байтик айылында өттү. Мааракеге Кыргызстандын жети дубанынын эли катышты, тоо койнуна боз үйлөр тигилип этно-шаарча тургузулду. Маараке улуттук оюндар менен коштолду, мындан тышкары иш-чарада кыргыздын улуттук кийими, элдик оозеки чыгармачылык көрсөтүлүп, улуттук тамак-аштар жасалды.

Ал эми бүгүн биздин мектепте жогорку класстын окуучуларынын катышуусунда “тегерек стол” өткөрмөкчүбүз.

Азыр сиздердин назарыңыздарга документалдуу видео тасманы сунуштайбыз. (Байтик баатыр баяны аттуу видео тасма көрсөтүлөт) Талкулоо (суроо-жооп ирээтинде) Балдар, силер бул видео тасмадан эмнени көрдүңөр ( окуучулар өз ойлорун айтып талкуулашат)

1. Байтик ким?
2. Байтик баатыр качан кайсы жерде туулган?
3. Байтик баатыр кыргыз элине кандай салым кошкон?
4. Байтик баатырдын атак-даңкка жетишине кимлин салымы чоң?
5. Байтик баатыр Кокондук бек Рахматуллага каршы күрөштү качан баштаган?

**Макалдарды чечмелөө**

Баатыр баатырды көзүнөн тааныйт, чечен чеченди сөзүнөн тааныйт.

Баатыр бир октук, бай бир жуттук.

Баатыр – согушта, акыл – ачуу келгенде, дос – зарылдыкта сыналат.

Баатыр туулса – эл ырысы, жамгыр жааса – жер ырысы

Баатырдын өмүрү кыска, даңкы узун

Бактылуу болмок мүнөздөн, баатыр болмок күрөштөн

Жолборс изинен кайтпайт, баатыр сөзүнөн кайтпайт

Үйдө баатыр- жоодо жок

Чын жакшыга жолуксаң суу ордуна бал берер,
Чын баатырга жолуксаң, сен үчүн ал жан берер

Жыйынтыктоо ( кроссворд чечүү)

**Алып баруучу:**

Урматтуу катышуучулар ушуну менен Байтик баатырдын 200 жылдыгына арналган тегерек стол аягына чыкты деп жарыялайбыз.


# КРОССВОРД

**Туурасынан:**

1. XIX кылымдын дипломаты жана кол башчы
2. Байтик баатырдын Жангарачка тартуулаган аргымагы
3. Кокон хандыгынын беги

**Тигинен:**

1. Байтик баатыр кайсы айылда төрөлгөн ?
2. Байтик баатырКокон ханынын кайсы чебин талкалаган?
3. Байтикке солто уруусунун бийлигин ким өткөрүп берген?
4. Байтиктин атасы Канай бий кайсы урууну башкарып келген?



# *Үйдө баатыр-жоодо жок*

*Баатыр баатырды*
*көзүнөн тааныйт,*
*чечен чеченди*
*сөзүнөн тааныйт.*

# *Баатырдын өмүрү кыска, даңкы узун*



